**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ТИЛЕКТЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТИЛЕКТЕШСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Тилектеш айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XXI сессиясынын**

**Т О К Т О М У**

17.07.2026. № 21/1 Жаңы-Турмуш айылы

**Тилектеш айыл аймагынын аймагындагы көрүстөндөрдө көмүү жайларын брондоо тартибин жана анын наркын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 27-беренесинин 8-пункттуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы № 502 «Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартибин бекитүү жөнүндө» токтомунун аткарылышын камсыз кылуу, ошондой эле аймактагы көрүстөндөрдү эсепке алууну тутумдаштыруу, натыйжалуу башкаруу жана кызмат көрсөтүүлөрдүн ачык-айкын механизмин түзүү максатында, Тилектеш айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XXI сессиясы **токтом кылат:**

1. Тилектеш айыл аймагынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы № 502 токтомуна ылайык, айылдык деңгээлдеги административдик-аймактык бирдик катары Тилектеш айыл аймагы боюнча көмүү жайын брондоонун базалык эсептик көрсөткүчү (ЭК) 500 (беш жүз) сом өлчөмүндө аныкталсын.
3. Тилектеш айыл аймагы боюнча көмүү жайын 10 (он) жылдык мөөнөткө брондоонун акыркы наркы (БН = ЭК + К) 500 (беш жүз) сом өлчөмүндө бекитилсин.
4. Тилектеш айыл өкмөтүнүн башчысына:

– Жарандардан көмүү жайларын брондоо боюнча арыздарды кабыл алууну Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы жана тиешелүү маалыматтык тутумдар аркылуу уюштуруу;

– Брондоодон түшкөн каражаттардын өзүнчө эсебин жүргүзүү жана бул каражаттарды токтомдо көрсөтүлгөн максаттарда гана (көрүстөндөрдүн инфраструктурасын жакшыртуу, тосмолоо, электрондук реестр түзүү ж.б.) жумшоону камсыз кылуу;

– Тилектеш айыл аймагындагы көрүстөндөрдүн электрондук реестрин түзүү жана маалыматтарды өз убагында жаңылап туруу милдеттендирилсин.

5. Көмүү жайларын брондоодон келип түшкөн каражаттардын максаттуу пайдаланылышын контролдоо, токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин бюджет, салык жана финансы комиссиясына жүктөлсүн.
6. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **К.Төрөшев**